Кыргызстан менен Тажикстандын аскер кызматындагы кызматкерлердин ортосунда кыргыз-тажик чек арасында ок атуучу курал колдонуу менен чыккан жанжал боюнча бул жанжалды биргелешип иликтоонvн жыйынтыктарын кvтпостон Тажикстан Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2014-жылдын 11-январында ЖМКы vчvн бир жактуу одоно билдирvvcvно карата Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги озvнvн ото нааразычылыгын билдирет. Тажик тарабынын алдын алуучу жана жеке мvноздогv басы кыргыз-тажик жакын коншулук мамилелердин духуна жооп бербейт жана кыргыз-тажик мамлекеттик чек арада стабилдvvлдvк жана коопсуздукту колдоого комокчv болбойт.

Бул жанжалга байланыштуу олуттуу тынчсызданууну жана кооптонууну билдирvv менен, кыргыз тарабы достук диалогду онvктvрvv жана эки олконvн ортосунда оз пайдалуу мамилелерди онvктvрvv алкагында мындай кырдаалды жонго салууда таза, адилеттvv, объективдvv маалымат гана комокчv болорун билдирет.

Ошону менен бирге тажик куралдуу кvчторvнvн мындай терс аракеттеринин себеби "Кок-Таш - Ак-Сай - Тамдык" кыргыз автоунаа жолунун салынышы экендиги кыргыз тарабынын кыжырдануусуна тvртkv берvvдо, себеби аталган жолдун курулушу чек арада сvроттолбогон аймакта эмес, Кыргыз Республикасынын аймагында жvрvvдо.

Тажик тарабы эл аралык укуктун ченемдерин жана принциптерин бузу менен, кыргыз аскерлерине карата артиллериялык курал колдонушкандыгы жана ал аз келгенсип, Кыргыз Республикасынын аймагында ок атышкандыгы боюнча да кыргыз тарабы ото нааразы экендигин билдирет. Тажик тарабынын мындай аркеттери жалпы эле аймакта стабилдvvлvkko жана коопсуздукка тvздон тvз коркунуч алып келет.

Ушуга байланыштуу, кыргыз тарабы тажик тарабы эл аралык укукту туура, так сактоо менен бирге мындай укук бузуучу аракеттерди, ошондой эле кыргыз тарабынан карата ото шашылыш жана негизсиз кvноолоонv токтотот деген ишенимин билдирет.

Оз ара сыйга, ошондой эле коп кылымдык достук салттарга негизделген Тажикстан Республикасы менен калыптанып калган достук мамилелердин денгээлин эске алуу менен, кыргыз тарабы эки мамлекеттин элдеринин ортосундагы мындай кырдаалды тынчтык жолу менен жонго салууда жана коопсуздукту камсыздоодо конструктивдvv мамилелердин тvзvлvшvно ишеним билдирет.